КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ

СУЗАК РАЙОНУ
ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ
ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ

СУЗАКСКИЙ РАЙОН
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК
ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

*ТОКТОМ* *ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

***«28» июнь 2021-жыл.*** ***№ 4/4*** ***Жар-Кыштак айылы***

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКСИЗ IV СЕССИЯСЫНЫН**

**Т О К Т О М У (көчүрмө)**

«Ырыс айыл аймагынын Сасык-Булак айылынан жеке ишкер С.Аляновдун кайрылуусун канааттандыруу максатында 1,5 га айыл чарбасынын жайыт жер аянтын өнөр жай жерлеринин категориясына которуп берүү жөнүндө»

Кыргыз Республикасынын 15.07.2011-жылдагы №101-«Жергиликтуу өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» Мыйзамынын 18-беренесине, Жер Кодексинин 11-; 13-беренелерине, Кыргыз Республикасынын 15/07-2013-жылдагы №145-«Жерлерди которуу (трансформациялоо) жөнүндөгү» Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 19/03-2014-жылдагы №169-токтому менен бекитилген Жобонун 11-; 13-; 15-; 17-беренелерине негизденип, Кыргыз Республикасынын 26.12.2020-жылдагы №12-«Инвестицияларды колдоо маселелери боюнча айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү» Мыйзамына негиз Ырыс айыл өкмөтүнүн жер комиссиясынын протоколун депутаттар талкуулап

Т О К Т О М К Ы Л А Т:

1. Ырыс айыл аймагынын Сасык-Булак айылынын аймагындагы айыл чарба багытындагы жерлер категориясындагы жайыт жерден 1,50 (бир жарым) га жер аянты «Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргоонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлери» категориясына жерлерди которуу (трансформациялоо) боюнча айыл өкмөтүнүн жер комиссиясы тарабынан даярдалган иш кагаздарынын негизинде которууга макулдук берилсин.

2. Ырыс айыл аймагынын Сасык-Булак айылындагы кыш заводун куруу үчүн тандалган айыл чарба багытындагы жерлер категориясындагы жайыт жерден 1,50 (бир жарым) га жер аянты «Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргоонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлери» категориясына жерлерди которууда (трансформациялоодо) 1,5 гектар жайыт жер аянтына айыл чарба өндүрүшүндөгү жоготууларын жана жоготулган пайданы төлөө боюнча берилген эсептерди өз убагында жүргүзүү жагы жеке ишкер С.Аляновко жекече милдеттендирилсин.

3. Айыл аймагындагы айыл чарба жерлерин башка максатта пайдаланылып турган катергориясына которуу боюнча иш кагаздарын даярдап, жерлердин категорияларына өзөртүүлөр киргизилип жана бул маселени мыйзам ченемдүү чечип берүү жагы жогорку бийлик органдарынан суралсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жер меселелери боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы М.Мирзаевке милдеттендирилсин.

5. Аталган токтом Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” мыйзамына ылайык, Ырыс айыл аймагынын расмий www.yrys.org.kg сайтына жарыялансын.

Ырыс айыл кенешинин төрагасы:- Кадиркулов Ш.М.